Кабыл алынды

Педкеңешменин чечими менен

«19» август 2019-ж

Бекитемин

Асан Жансейитов атындагы

орто мектебинин директору:

Турунов М.С.________

**Чүй районундагы Мээнеткеч айылындагы**
**Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин**
**2019-2023-окуу жылдарга өнүктүрүү**
**стратегиялык планы.**

**Билим берүү мекемесинин миссиясы:**

*«Окуу-тарбия процессинде ар бир окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык сапаттуу билим берүүгө жана алган билимдерин жашоодо пайдалана билген адептүү инсанды тарбиялоо»*

**Милдеттери:**

-Окуучулардын чыгармачыл, интелектуалдуу жөндөмдүктөрүн өнүктүрүү,чыныгы мекенчил инсанды тарбиялоо, ден соолуктарын бекемдөө менен бирдикте окууга кызыгуусун арттыруу;

-Мугалимдин педагогикалык билим деңгээлин көтөрүүдө шарт түзүү социалдык жактан колдоо;

-Техникалык каражаттарды камсыздоо жана кеңири пайдалануу;

-Бүтүрүүчүлөрдүн кесип тандоо жана социалдык адаптациясын камсыздоо;

- «Окуучу-ата-эне» багытында иш жүргүзүү;

- Психологиялык жагымдуу климатты камсыздоону колго алуу;

## *Мектептин өнүктүрүү стратегиялык планы:*

| № | Мазмуну | Мөөнөтү | Натыйжа | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин нормативдик-укуктук документтерин жаңыртуу | 2019-2023 | Нормативдик-укуктук иш кагаздары, мектептин Уставы, мөөрү, штампы, паспорту | Мектеп Уставы, мөөр, штамп жаңыртылды, локалдык иш кагаздар толукталды. |
| 2 | Мектептин ишин жаңы, заманбап укуктук талаптардын негизинде жүргүзүү. | 2019-2023 | Педагогикалык жамаат менен билим сапатын көтөрүүнү стратегиялык башкаруу, педжамааттын инновациялык иш алып баруусун баалоо | Педжамаат инновациялык технологияларды колдонууну үйрөнүүдө. Билим сапаты боюнча мониторингдер түзүлүп турат, педжамааттын иш тажрыйбасы бааланат. |
| 3 | Педжамааттын билим берүү квалификациясын жана кайра окутуу квалификациясын көтөрүү | 2019-2023 | КРнын ББИмнин алдындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун план графиги менен иш алып баруу жана кызматташуу | Жыл сайын план-график түзүлдү, мониторинг чыгарылган. Кыска мөөнөттөгү курстарга барган мониторингдер чыгарылган. |
| 4 | Окутууда өз алдынча чыгармачыл инсанды окутуу жана тарбиялоо | 2019-2023 | Өз алдынча чыгармачыл инсанды аныктоо үчүн шыктуу окуучулардын жетишкендиктерин баалоо, оң динамикасын камсыз кылуу. | Шыктуу окуучулар менен иш план бекитилип, жетишкендиктер бааланып, олимпиадаларга катышуу болуп жатат. |
| 5 | Ата-энелер менен ишенимдүү мамилени бекемдөө | 2019-2023 | Ата-энелер институтун түзүү жана камкорчулар тобун ачуу | Ата-энелер институту класс жетекчилер менен бирдикте иш жүргүзүүдө. Камкорчулар тобун ачууну колго алуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | Класс кабинеттерди жаңыртуу | 2019-2023 | Класс кабинеттерди жаңыртуу, автордук кабинеттерди ачуу. | Бир кабинетке интерактивдүү доска, ноутбук, проектор менен камсыздалды. Бир автордук кабинет ачылды, үч класс кабинеттин көргөзмө стенддери талапка ылайык жаңыртылды. |
| 7 | Мектептин жагымдуу комфортабелдүү материалдык-техникалык инфраструктурасын бекемдөө | 2019-2023 | -ОИВТ кабинетин жаңыртуу;<br>- мектепти капиталдык ремонттон өткөрүү;<br>- Актовый зал салуу;<br>- эшиктеги даараткананы оңдоо же жаңы салуу;<br>- мектептин тегерегин жаңылап тосуу;<br>- мектептин ичи-сыртын жарыктандыруу;<br>- спорт аянтчасын салуу;<br>- мектептин айлана-чөйрөсүнүн инфраструктурасын оңдоо жана жашылдандыруу;<br>- мектептин алма багынын абалын жакшыртуу;<br>- заманбап техникалык каражаттар менен камсыздоо. | - ОИВТ кабинети ачылды;<br>- мугалимдер үчүн метод кабинет кошулду;<br>- мектептин чатыры жаңыртылып жабылды;<br>- футбол, баскетбол аянчасы, кенже балдар ойноо турган аянтча салынды;<br>- жыл сайын мектептин тегерегине гүлдөр, бак-дарактар отургузулууда;<br>- көмүр сактоочу жай салынды:<br>- мектептин от жагуучу жайында бир меш алмаштырылды;<br>- Ата-Мекендик согушка арналган эстеликтин тегереги тосулду;<br>- Алга айылынын демөөрчү тургуну мектепке 5 (беш) компьтер алып берди;<br>- Мээнеткеч айылынын демөөрчү тургуну мектепке 1 (бир) компьютер, 1 (бир) принтер алып берди;<br>- АДКнын мүчөлөрү тарабынан бир түстүү принтер;<br>- математика кабинетине бир интерактивдүү доска, бир ноутбук, бир проектор алынды;<br>- китепкананын метод, адабий китептери жаңыртылды;<br>- спорттук инвентарлар жыл сайын айылдык демөөрчүлөр тарабынан жаңыртылып турууда. |

**Күчтүү жактары:**

- Мектептин имаратынын абалы жакшы;
- Мектепте МТБны-инфраструктураны жакшыртуу боюнча түзүлгөн планга ылайык системалуу иштер алынып баруусу;
- Бардык предметтердин адистик менен берилиши;
- Стабилдүү коллектив;
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстардан өз убаганда өтүп туруусу;
- Ата - энелердин мектеп менен байланышынын бардыгы;
- Мектептин интернет булактары, керектүү жабдуулар менен жабдылышы;
- Окуучулардын тартиби жакшы;
- Окуу - тарбия процессин администрация тарабынан системалуу көзөмөлдөнүшү;
- Мектептин ички эмгек тартиби менен иштеши;
- Айылда мектептин авторитетинин болушу.

**Алсыз жактары:**

- Физика, химия, биология предметтеринен практикалык - лабораториянын каражаттарынын начардыгы;
- Актовый залдын жоктугу;
- Компьютерлердин жетишсиздиги;
- Кошумча окуутуунун жоктугу;
- Электрондук китепти айрым окуучулардын колдонбогондугу;
- Ата- энелердин миграциясы;
- Толук эмес үй - бүлөлөрдүн болушу;
- Айрым ата - энелердин баланын билим алуусуна көзөмөлүнүн жоктугу;
- Мектепти жарыктандыруунун начардыгы;
- Мектептин тегерегин тосуу маселеси;
- Алма багынын абалы;
- Эшиктеги даараткананын абалынын начардыгы;